2-сабак

Тема 2

# Сөз эркиндиги vs «кастык тили»

## Подтемалар

— «Кастык тили» менен сөз эркиндигинин ортосундагы чекти аныктоо: эл аралык практика
— Цензуранын, «кастык тилинин» чагылдырылышы, Борбор Азия өлкөлөрүндөгү эркин пикир билдирүү укугу бузулган фактылар.

## Предметтердин интеграциясы

«Конституциялык укук», «Политология», «Конфликтология, «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Сынчыл ойломдун негиздери», «Медиа жана маалыматтык сабаттуулук».

## Сабактын максаты

**Когнитивдик:**

— студенттер «сөз эркиндиги» жана «кастык тили», «цензура», «башкача ойлом», «дезинформация», «экстремизм», «улут аралык жана региондор аралык ажырым» деген түшүнүктөргө аныктама бере алышат;
— студенттер контентти баалоонун эл аралык практикасы менен таанышат;
— студенттер «сөз эркиндиги» менен тыюу салынган контенттин ортосундагы чекти аныктоо боюнча жергиликтүү практика менен таанышат.

**Социалдык-эмоционалдык:**

— студенттер өз жашоосунда сөз эркиндиги жана өз пикирин билдирүү менен «кастык тилинин» ортосундагы чек кайдан өтөөрүн түшүндүрө алышат;
— студенттер «кастык тили» адамдын психоэмоционалдык абалына кандай тасир этээрин түшүнүшөт.

**Жүрүм-турумдук:**

— студенттер өз пикирин эркин билдирүү жана «кастык тилин» колдонбоого карата өз мотицвациялары боюнча позицияларын түшүндүрө алышат;
— студенттер кантип сөз эркиндигин коргоо жана ошол эле учурда «кастык тилин» колдонбой сүйлөшүү боюнча өз чечимдерин бере алышат.

| | |
|---|---|
| **Сабактын узактыгы** | 1 саат 20 мүнөт |
| **Сабак өтүү методу** | Дискуссия, мини-лекция, слайддардын презентациясы, ачык жана жабык суроолор, маалымат булактары менен иштөө. |
| **Баалоо методдору** | Бышыктоочу суроолор, өзүн-өзү баалоо баракчасы. |
| **Негизги түшүнүктөр** | Сөз эркиндиги, өз пикирин эркин билдирүү укугу, адам укугу (жарандык, саясий, универсалдуу), конституция, цензура, улут аралык ажырым, региондор аралык ажырым, экстремизм, дезинформация, фейк. |
| **Керектүү ресурстар** | Сабактын максаты (слайдда же флипчартта), видеопроектор, компьютер, карточки, маркер, доска, скотч. |

## Сабактын планы

## 1. ЧАКЫРЫК

**Керектүү материалдар:** сөздөр жазылган карточкалар.

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим студенттерге суроо менен кайрылат, «сөз эркиндиги» жана «кастык тили» деген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр? Андан соң өз жашоосунан мисал келтирүүнү сунуштайт. Андан ары «сөз эркиндиги жана эркин пикир билдирүү», «кастык тили», «цензура», «башкача ойлом», «маалыматтын жеткиликтүүлүгү», «дезинформация», «экстремизм», «улут аралык жана региондор аралык ажырым» деген түшүнүктөрдүн аныктамаларын талкуулоо орун алат.

## 2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

**Керектүү материалдар:** эл аралык жана жергиликтүү практикадан алынган кейстер.

**ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:**

— АКШда эркин пикир билдирүү укугу менен «кастык тилинин» ортосундагы чекти кантип аныкташкан? (бир кейстин мисалында).

— Эмне үчүн кызматкерлеринин өлүмүнө жана дүйнөдөгү негативдүү эбегейсиз реакцияга карабай Charlie Hebdo аттуу француз журналы дагы деле чагымчыл публикацияларды жарыялап жана бийликтин колдосуна ээ болуп келет?

— Цензура киргизип жана сөз эркиндигин чектөөнүн кооптуулугу эмнеде? (курстун студенттеринин өлкөсүнүн контекстинен алынган мисалдар менен).

— Чексиз сөз эркиндиги кооптуубу? Анын мааниси эмнеде? (курстун студенттеринин өлкөсүнүн контекстинен алынган мисалдар менен).

— Сөз эркиндиги менен «кастык тилин» кантип тең салмактоо керек? (курстун студенттеринин өлкөсүнүн контекстинен алынган мисалдар менен).

# 3. АРАКЕТТЕН

**Керектүү материалдар:** кейстер/сүйлөмдөр жазылган карточкалар

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим студенттерге 3-4 адамдан турган топторго биригүүнү сунуштайт. Андан соң аларга билдирүүлөр жазылган карточкаларды таратат. Студенттер «кастык тилин» таап, ал билдирүүнү кайра «тынчтык тилине» айландырып жазып чыгышы керек. Аягында студенттер жоопторун жалпыга тааныштырат, талкуу жана жыйынтыктоо менен аяктайт.

**Карточкалар үчүн кейстердин мисалдары (грамматикасы жана автордун постторунун стили сакталды):**

1. КЭР элчисинин Кыргызстанга гумжардам тапшырып жатканы жөнүндөгү жаңылыктын алдындагы комментарий, элчи өз сөзүндө эки элдин бир туугандыгын белгилеген: «Качантан бери тууган болуп калдык эле? Улуу Калыгул керек болсо айтып кеткен – кыргыздардын биринчи душманы - кытайлар» (орус. - «С каких пор мы стали родичами? Еще великий Калыгул говорил, что китайцы — первые враги кыргызов»).
2. Тажикстанда солдат уй уурдаган кылмышы үчүн абак жазасын алганы жөнүндө жаңылыктын алдындагы комментарий: «Байкуш солдаттар ачка да, буга командирлеринин өзүлөрү күнөөлүү. Акмактар, качан токтойсуңар, андан көрө өлүп калсаңар жакшы болмок» (орус. - «Бедный солдаты они голодные, в этом сами командиры виноваты. Мерзавцы, когда вы остановитесь, пусть лучше (бы вы) умерли») .
3. Өзбек тилин күчтөндүрүүгө карата орус тилдүү колдонуучулардын терс реакциясына байланыштуу жазылган посттон алынган цитата : «Алар дагы деле биздин өлкөгө өз колониясы катары карашат, а бизди кулдары катары көрүшөт» (орус. - «Они до сих пор смотрят на нашу страну, как на свою колонию, а на нас, как на рабов»).
4. Казакстандык университетте иштеген профессордун соцтармактагы комментарийи: «…аялдарды урууга болот, кээде уруп коюу да керек» (орус. - «…бить женщин можно, иногда нужно», — и высказался «за многоженство»), — жана «көп аялдуулук» боюнча пикирин кошумчалаган.

# 4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Сабактын темасын студенттер канчалык деңгээлде түшүнгөнүн билүү үчүн кайтарым байланыш катары «Жарк этүү» методун колдонуу сунушталат (Тиркеме 1 «Интерактивдүү окутуу боюнча глоссарий»).

**Керектүү материалдар:** талап кылынбайт.

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим ар бир студентти сабактын аягында берилген суроолордун бирине кыскача пикирин билдирүүнү сунуштайт (бир сүйлөм менен):

- Бүгүнкү сабакта силер үчүн эң маанилүү нерсе эмне болду?
- Бүгүнкү сабакта өздөштүрүлгөн көндүмдөрдүн кайсынысы силер үчүн эң маанилүү?
- Өз жашооңордо силер сөз эркиндиги менен «кастык тилинин» ортосундагы чекти кантип аныктайсыңар?

**Мугалим үчүн кеңештер.**

Студенттердин жооптору башка студенттер тарабынан талкууланбайт жана комментарий берилбейт. Студенттердин айткандарына мугалим баа бербейт. Албетте, мугалим студенттердин жооптору үчүн, кайтарым байланыш үчүн ыраазычылык билдирсе болот.

# Маалыматтык обзор

## «КАСТЫК ТИЛИ» МЕНЕН СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН ОРТОСУНДАГЫ ЧЕКТИ АНЫКТОО: ЭЛ АРАЛЫК ПРАКТИКА

Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 19-беренеси эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүү укугуна кепилдик берет жана аны негизги адам укугу катары белгилейт: «Ар бир адам эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүүгө укуктуу; бул укук өз ой-пикирлерин тоскоолсуз жактоону жана маалыматтар менен идеяларды ар кандай каражаттар жана мамлекеттик чек араларга карабастан издөө, алуу жана таркатуу эркиндигин камтыйт». Бул укук демократиялык багыт алган өлкөлөрдүн конституцияларында бекитилген. «Кастык тилин түшүндүрүү» (Article 19) колдонмосунун авторлору мындай деп белгилешет: «Жеке адамдын деңгээлинен алганда пикирин эркин билдирүү адамдын өнүгүшүнүн, кадыр-баркынын жана өзүн инсан катары табуунун ачкычы болуп саналат. Мамлекеттик деңгээлде эркин пикир билдирүү талаптагыдай мамлекеттик башкаруу үчүн зарыл, анын натыйжасында экономикалык жана социалдык өнүгүү үчүн зарыл. Пикирин эркин билдирүү укугунун аракеттенүү чөйрөсү абдан кеңири, мисалы, башка адамдар үчүн мазактоо катары кабылданган, дискриминациялык мүнөздөгү пикирлер менен идеяларды билдирүү укугу».

Бир нерсени түшүнүү керек, пикирин эркин билдирүү укугу абсолюттук түшүнүк эмес жана мамлекеттер белгилүү бир кырдаалдарда адам укуктары жаатындагы эл аралык мыйзамдардын чегинде бул укукту чектей алат. Эч кандай дискриминациясыз бардык адамдын ар-намысын коргоо «кастык тилине» карата чара көрүүдө көп учурда мотивация болуп берет. «Кастык тилине» карата чаралар, анын ичинде ага тыюу салуу ошондой эле көп учурда улуттук коопсуздукту коргоо, коомдук тартипти сактоо жана коомдук адеп-ахлак маселелерине негизделет. Бирок, бул максаттар жеке адамды дискриминациядан коргоо максаттары менен аралашып кеткенде, пикирди билдирүүнү чектеген чаралар өтө эле кеңири мүнөзгө ээ болуп жана кыянат пайдаланууга туш болушу мүмкүн.

«Кастык тили» боюнча бирдиктүү аныктаманын жоктугу, сөз эркиндиги менен пикир билдирүү эркиндигинин ортосундагы чекти түшүнбөстүк дайыма курч талкуулардын чыгышына, чыр-чатактуу кырдаалдарга таасир этип, бул түшүнүктөрдү чечмелөө жана алардын пайда болуусуна карата позициялар кагышып же сөз эркиндигин коргоо жана «кастык тили» менен күрөшүү деген ураандын алдында кыянат пайдалануу ишке ашат.

Эл аралык уюмдар жарандардын эркин ой-пикирге ээ болуу жана аны эркин билдирүү укугуна доо келбегендей

кылып «кастык тилин» азайтууга карата натыйжалуу аракеттерди көрүүгө жардам берүү үчүн «кастык тилин» колдонууну алдын алуу боюнча инстурменттерди иштеп чыгышууда.

Article 19 (Артикль 19) уюму «Эркин пикир билдирүү жана теңчилик боюнча Кемден принциптерин» иштеп чыккан. Бул документте эркин пикир билдирүү укугун сыйлоо жана теңчиликти кубаттоодо кеңири консенсусту колдоого багытталган 12 принцип менен кеңештер камтылган. Принциптер эркин пикир билдирүү жана теңчилик базалык укуктар экенине жана алардын аткарылышы жалпы эле бардык адам укуктарын коргоону ишке ашырууга зарыл экенин түшүнүүгө негизделген. Муну менен бирге принциптер айрым бир сүйлөнгөн сөздөргө, мисалы атайлап расалык жек көрүүнү пайда кылуу боюнча, алар абдан коркунучтуу болгондуктан аларга тыюу салат. Мындай сөз сүйлөөлөргө тыюу салуу эрежелери, алар кыянат пайдаланылбашы үчүн так аныкталууга тийиш.

БУУнун адам укуктары боюнча Башкармалыгынын жетекчилиги менен 2012-жылы Рабат иш аракеттер планы иштелип чыккан, анда кылмыш-жаза мыйзамдары боюнча тыюу салынган речтин формаларын текшерүү үчүн тест камтылган. Ал ошол сөз эркиндиги менен эркин пикир билдирүү укугу бүтүп, тыюу салынган контент башталган чекти аныктоого жардам берет.

Рабат иш аракеттер планы жек көрүүчүлүктү тутантуу деген түшүнүктү аныктоодо пикирди эркин билдирүүгө чектөөлөрдү киргизүү үчүн жогорку баскычты бекитүүнү сунуштайт. Ал баскычтан өтүү критерийинин оордугу өтө орой жана эмоционалдык чыңалууга ээ мазактоолор гана жек көрүүчүлүктү тутандыруу катары каралышы керек дегенди түшүндүрөт. Жек көрүүнүн даражасын баалоо үчүн мүмкүн болчу параметрлер өз ичине айтылган сөздүн ачуулугун, сөз сүйлөөчү тарабынан жасоого чакырылган зыяндын даражасын, андай сөздөрдүн канчалык жыш айтылганын жана санын, жана ал сөздөрдүн канчалык ачык айтылганын камтыйт. Буга байланыштуу кылмыш-жаза мыйзамдарынын негизинде жоопкерчиликке тартууга боло турган билдирүүлөрдү аныктоо үчүн 6 бөлүмдөн турган тест иштелип чыккан.

1. *Контекст.* Бул же тигил билдирүүлөр дискриминацияга, кастык же зомбулукка түрткү берээрин, мындай аракеттерге же/жана себептерге түздөн-түз тиешеси бар экенин аныктоодо контекст абдан маанилүү. Контексттик анализде ошол билдирүү ал айтылган же жарыяланган учурга мүнөздүү болгон социалдык жана саясий контекстке салынышы керек.

2. *Оратор.* Билдирүү жасаган адамдын коомдогу ордун жана статусун эске алуу керек, тактап айтканда, ал адамдын же уюмдун билдирүү айтылган аудиторияга карата абалын же ордун эске алуу зарыл.

3. *Ниети.* Жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактынын (МПГПП) 20-беренесинде атайын ниеттин болушу айтылат. Шалакылык же аңдабастык 20-беренени пайдаланууга жетиштүү негиз боло албайт, бул беренеге ылайык жөн гана таркатуу эмес, «пропаганда»

жана «жек көрүүчүлүктү тутандыруу» да орун алышы керек. Буга байланыштуу аталган беренеге ылайык, билдирүүнүн объектиси, субъектиси жана аудиториянын ортосундагы мамилелердин үч бурчтугу болушу керек.

4. *Мазмуну жана формасы.* Айтылган сөздүн мазмуну — соттук териштирүүнүн негизги объектилеринин бири жана жек көрүүчүлүктү тутандыруунун негизин түзөт. Мазмунуна анализ жүргүзүү деген ал айтылган сөздөр канчалык деңгээлде ачык жана чагымчылдык мүнөзгө ээ экенин аныктоо болуп саналат, андан сырткары, формасы менен стилин, сөздүн ээси келтирген аргументтердин мүнөзүн, аргументтеринин тең салмактуулугун ж.б. талдоо болуп саналат.

5. *Канчалык калың катмарга тараганы.* Бул пункт өз ичине төмөнкү элементтерди камтыйт: ал айтылган сөздөрдүн ачык жеткиликтүүлүгү, адресаттын мүнөзү, маанилүүлүгү жана аудиториянын көлөмү. Андан кийин: ал билдирүү ачык элге карата айтылдыбы, кандай каражатар аркылуу таркатылган. Ошондой эле төмөнкү учурду да эске алуу керек: ал айтылган сөздөр жалгыз барактын жардамы менен таркатылдыбы, массалык маалымат каражаттары аркылуубу же Интернет аркылуубу, маалыматтын кайталануу жыштыгы, саны жана канчалык кеңири таркаганы, аудиторияда чагымчыл чакырыктарга ылайык аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк бар беле, билдирүү (же искусство чыгармасы) тар чөйрөдө таркатылдыбы же жалпы ачык коомгобу.

6. *Чакырыкта айтылган нерселерди ишке ашыруу мүмкүндүгү, анын ичинде кайра оңдоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.* Жек көрүүчүлүктү тутандыруу негизи эле кылмыштын башаты болуп саналат. Билдирүү кылмыштык аракет деп таанылышы үчүн анда айтылган чакырыктар сөзсүз түрдө эле ишке ашышы милдет эмес. Бирок кайсы бир деңгээлде зыян келтирүү ыктымалдыгы бар экени аныкталышы керек. Бул - соттор билдирүүдө айтылгандар максаттуу топко каршы чыныгы аракеттерге түрткү бериши мүмкүн болгон реалдуу коркунуч болгонун аныктап бериши керек дегенди түшүндүрөт, бул учурда алар түздөн-түз себеп-натыйжа байланышы так көрсөтүлүшү керек экенин эске алуулары керек.

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Студенттерди 2 топко бириктирип, студенттердин арасынан модератор дайындоо керек. Эки топ тең кейсти изилдеп, Рабат иш аракеттер планынын 6 критерийи боюнча анализ кылышат:

1. *Контекст.*
2. *Оратор.*
3. *Ниет.*
4. *Мазмуну жана формасы.*
5. *Канчалык калың катмарга тараганы.*
6. *Ишке ашуу ыктымалдыгы, кайра оңдоого болбостугу.*

Биринчи топ өз жыйынтыктары менен тааныштырып, ар бир пункт боюнча аргументтерин келтирет. Экинчи топ аларга оппонент болот. Эгер биринчи топтун аргументтери ишенимсиз болуп калса, же аны менен макул эмес болсо, алар өз аргументтерин сунушташат.

**Кейстерге мисалдар:**

1. Россиялык TikTok-блогер Владимир Горяинов, ал ошондой эле Володя XXL деген ник менен таанымал, өзүнүн YouTube каналында катталуучуларынын гейлерге мамилеси кандай экени жөнүндө суроолоруна жооп берип жатып мындай деп билдирет: «*Эгер менде мүмкүнчүлүк болгондо* (...), *мен ал жийиркеничтүү адамдардын баарын атып салмакмын. Мен түшүнбөйм, аларга жашап эмне кереги бар*» (орус. - «*Если бы у меня была возможность* (...), *я бы расстрелял всех этих вонючих людей. Я не понимаю, зачем им вообще жить*»). Бул постту жарыялаган учурда блогердин ар кайсы платформаларда жана социалдык тармактарда 300дөн 700 миңге чейин катталуучулары бар болгон.
2. Франциянын президенти Макрон: «*ислам — "кризистеги дин"*, *жана Франциядагы ислам сепаратизмине каршы күрөштү күчөтүүгө багытталган мыйзамдарды катаалдаштыруу пландары тууралуу жарыялады*» («*ислам — религия, "находящаяся в кризисе"*). Анын айтымында, Францияда жашаган болжол менен 6 миллион мусулман өзүлөрүнүн «контр-коомун» түзүүнү каалашат. Ал башка чаралар менен катар мектептердеги окуу программалары менен француз мечиттеринин чет өлкөдөн каржыланышын катаал көзөмөлгө коюуну сунуштайт.

**Мугалим үчүн кеңештер.**

Студенттерге бул же тигил өлкөдө пикирин эркин билдирүү укугу менен кастык тилинин ортосундагы чек кандайча аныкталганын көрсөткөн эл аралык тажрыйбалардын мисалдарын көрсөтүү керек. АКШ менен Франциянын тажрыйбасын талдоо пайдалуу болот. Бирок Борбор Азия өлкөлөрүнүн тажрыйбаларына басым жасоо керек.

## АКШнын тажрыйбасы

Холокостту башынан кечирген Сол Голдстайн 1977-жылы Чикагонун четиндеги (Иллинойс штаты) Скокиде Американын улутчул-социалисттик партиясы марш өткөргөнү жатканын угуп катуу ачууланган. Скокиде көп сандагы еврейлер жашаган, жана алардын алты миңи Голдстайн сыяктуу Холокостту башынан кечиргендер. Алардын шаарынан улутчулдардын марш менен өтүшү жол берилгис нерсе катары кабылданган. Скокидеги еврей общинасынын мүчөлөрү улутчул-социалисттик партияга каршы доо арыз берип, соттук териштирүүдө күбө катары тартылган. Голдстайн концлагердеги туткундардын жашоосун кенен сүрөттөп, анын шаарындагы парадда Германиянын улутчулдук символдорун көрүү канчалык оор экенин түшүндүргөнүнө карабай, еврей коомчулугу шаар бийликтеринен маршка тыюу салган чечимге жетише алган эмес. Ал сот чечиминен кийин башка да инстанциялардын чечимдери, анын ичинде АКШнын Жогорку сотунун да чечими жарык көргөн. Алардын баары улутчул-социалисттердин пайдасына чечилген. Соттор алардын марш өткөрүүгө, ал тургай свастика жана башка атрибуттарын демонстрация кылууга болгон укуктары Конституция менен корголгон деп эсептешкен.

АКШнын Конституциясына киргизилген биринчи өзгөртүүлөргө ылайык, федералдык өкмөттүн кимдир бирөөнүн пикирин билдирүүгө тоскоол болушуна жана айткан сөзү үчүн жазалашына тыюу салат: «*Конгресс сөз жана басылма эркиндигин чектеген же элдин тынч жыйынга чогулуу укугун чектеген бир дагы мыйзам чыгарбашы керек*». Алгач бул саясий билдирүүлөрдү жасоо эркиндигине кепилдик катары жана өкмөттүн оппозициялык гезитерди жаап салышына жол бербөө максатында кабыл алынган, бирок кийинчерээк анын күчү Жогорку сот тарабынан марш, демонстрация, нааразылык билдирүүнүн башка формаларына карата да таркатылган. Концепция дагы кеңейтилип, ага жек көрүүнү чакырган жана мазактоолорду камтыган билдирүү жана жүрүм-турумдар кошулган. Бул кайсы бир идеялар кимдир бирөөлөрдү мазактап жатканына карабай, кандайдыр бир сүрөттөр кимдир бирөөлөрдү кыжырдантканына карабай, Биринчи өгзөртүүлөр андай пикирлерди билдирүү жана демонстрацияга чыгуу укугун коргойт дегенди түшүндүрөт.

АКШны түптөгөн негиздөөчүлөр сөз эркиндигин чындап коргоонун жалгыз амалы – аны баардыгы үчүн коргоо, ал тургай көпчүлүк үчүн жол берилгис болгон пикирди кармангандар үчүн да коргоо деп эсептешкен. Бул соттор Мартин Лютер Кинг жана анын жактоочуларынын акыйкатсыздык жана АКШдагы расисттик бөлүүгө каршы марш өткөрүү укугун жактап чыкканда тастыкталган. Жергиликтүү бийлик

органдарынын каршы аракеттерине карабай, Кингдин сөз сүйлөшүнө, демонстрация жана нааразылык акциясына уруксат берилген, анткени зомбулукка чакыруу болгон эмес. Биринчи өзгөртүүлөр Кингдин жактоочуларынын аракеттерин коргогон. Прецеденттерди жараткан көп учурлар орун алган: активисттердин айта турган сөздөрү жакпаганы үчүн гана жарандык укук үчүн кыймылдардын жакточуларын марш өткөрүү укугунан ажыратууга шаарлар мыйзамдык негизге ээ эмес болчу.

Ак түстүү расисттердин Ку-клукс-клан уюмунун лидери Огайо штатында сөз сүйлөп, кара түстүүлөрдөн, еврейлерден жана АКШ өкмөтүнөн өч алууга чакырганда, Жогорку сот ал конкреттүү бирөөнү коркутпаган соң камакка алынууга тийиш эмес деген бүтүмгө келген. Бирок Ку-клукс-клан мүчөлөрү Виржинияда белгилүү бир афроамерикалык үй-бүлөнү коркутканда, Жогорку сот аларды Биринчи өзгөртүүлөр коргой албасын билдирип, күнөөлүүлөрдү кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча токтом чыгарган.

Ошентип, Биринчи өзгөртүүлөрдүн күчү бардык билдирүүлөргө эле тарабайт. Бул учурда жек көрүүнү пайда кылган риторика зомбулукка же башка мыйзамга каршы иш аракеттерге алып келет деген негиздүү божомолдордун болушу негизги критерий катары эсептелет. Негизи, эгер соттор белгилүү бир адамга карата коркутуу-үркүтүү орун алды же башка адамдарга карата зомбулук аракеттерине түкүрүү болду деп аныкташса, мындай билдирүүлөр же айтылган сөздөр мыйзам чегинде тескелип, өкмөт чара көрүүгө мыйзамдуу мүмкүнчүлүк алышат.

## Франциянын тажрыйбасы

Charlie Hebdo (Шарли Эбдо, кырг. «Чарлинин күндөлүгү») — франциядагы саясий сатиралык журнал. Нонконформистикалык мүнөздөгү карикатураларды, репортаждарды, дискуссия жана анекдотторду жазат. Солчул светтик позицияда болгондуктан франциялык да, чет өлкөлүк да ультра оңчул саясатчыларды, ислам жана христиан өкүлдөрүн шылдыңга алат, дайыма чуулганды, эл аралык талаш-тартышты жаратып турат. 2015-жылы Charlie Hebdo чабуулга кабылган: журнал экстремисттик исламдык уюмдун лидеринин карикатурасын жарыялагандан кийин Париждеги редакциясында 12 кызматкери атылган. Бул да журналдын кызматкерлерин токтото алган жок, алар курч жана чагымчыл карикатураларын чыгарууну улантып келишет. 2020-жылдын октябрь айында 18 жашар диний фанатик мектепте сөз эркиндигине арналган сабак учурунда Charlie Hebdo журналынын карикатурасын талкуулаган тарых мугалими Самюэль Патинин башын кесип салган. Франциянын президенти Эмануэль Макрон экстремизмди, исламисттерди сынга алып, Франциядагы сөз эркиндигин коргоп чыккан, ал Франция эли сөз эркиндигин коргоону дагы да уланта берет жана мусулмандардын ар-намысына тийген карикатуралардан баш тартпайт деп убада кылган. Бул позиция Франциянын башка чоң-чоң саясатчылары тарабынан колдоого алынып, алар жеке Макронду эмес, Франциянын президентин колдоп жатканын белгилешкен, анткени жалпы мамлекет жана анын баалуулуктарына чабуул болуп жатканын айтышкан.

Буга жооп катары өлкөдө дагы бир катар чабуулдар орун алган: Ниццада бир адам бычак менен сыйынуу жайына кирип барган, Лиондо храмдын кызматкерине ок атылган. Ислам дүйнөсүнүн бир бөлүгү расмий Париждин позициясына массалык наарызылык акциялары менен жооп берген, социалдык тармактарда глобалдык кампаниялар башталган: #BoycottFranceProducts жана #BoycottFrance («франциялык продукттарга бойкот жарыяла» жана «Францияга бойкот»). Египеттин президенти Абдель-Фаттах ас-Сиси эгер 1,5 миллиард адамдын ар-намысына шек келтирилип жатса, анда Франциядагы сөз эркиндигин чектөө керек деп билдирген: «*Биздин да укугубуз бар. Биздин диний сезимдерибизди жана баалуулуктарыбызды коргоого укугубуз бар*».

Өз принциптеринен кайтпаган Charlie Hebdo 2020-жылдын ноябрь айында жаңы чыгарылышынын мукабасын ачыктаган: анда башы жок кабаренин бийчи кыздары чагылдырылган. Карикатуранын алдында мындай деп жазылган: «Франция дайыма Франция бойдон калат». Франция өкмөтүнүн өкүлү Габриэль Атталь «коркутуу-үркүтүү жана тополоң чыгаруу аракеттерине карабай», Франция «эч качан өзүнүн принциптеринен жана баалуулуктарынан кайтпайт» деп билдирген. «*Мухаммед пайгамбардын каррикатурасына байланыштуу мусулмандардын сезимдерин мен түшүнөм, бирок ал каррикатуралардын артында өкмөт турган жери жок, ал эркин жана көз карандысыз өкмөт менен эч байланышы жок ММК тарабынан басылып жатат*», — деп айткан Макрон «Аль-Джазира» телеканалына берген интервьюсунда.

ЦЕНЗУРАНЫН ПАЙДА БОЛУШУ, ПИКИР БИЛДИРҮҮ ЭРКИНДИГИНИН БАСМЫРЛАНЫШЫ, БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ «КАСТЫК ТИЛИ»

2020-жылдын башында «Тынчтык орнотуу жана медиа технологиялар мектебинин» эксперттери Борбор Азия өлкөлөрүндө пикир билдирүү эркиндигине кысым болгон фактыларды аныкташкан – алардын саны 2019-жылга салыштырганда эки эседен ашуун көбөйгөн. 2020-жылдын 4 айында гана журналистердин, блогерлердин жана Интернеттеги пикирлер лидерлеринин жана жөнөкөй колдонуучулардын пикирин билдирүү эркиндигин чектеген ар кандай түрдөгү 38 учур катталган. Казакстан, Кыргызстан, жана Өзбекстан Республикаларындагы анализ жүргүзүлгөн кейстердин динамикасы көрсөткөндөй чектөөлөр менен цензуранын эң жогорку чеги өзгөчө чаралар киргизилген мезгилге туш келет.

Кырдаалга карата жүргүзгөн анализинде Мектептин эксперттери белгилегендей, пандемияга каршы кескин чараларды киргизүүнүн чукулдугу жана зарылдыгына карабай, бир катар тенденциялар пикир билдирүү эркиндигине олуттуу коркунуч келип жатканынан кабар берет жана анын кесепеттери карантин бүткөндөн кийин дагы узакка сакталышы мүмкүн экенин белгилешет алар.

Киргизилген өзгөчө чаралар пикир билдирүү эркиндигин чектөөдө жана режимди сындоону басууда актануу катары колдонулган. Өкмөттөрдүн тактикалары пикир билдирүү эркиндигин кысымга алуунун ар түрдүү методдорун камтыды: «өзгөчө кырдаал шартында алдын ала жалган маалымат таркатуу үчүн» санкциялардан тартып, «элдин улуттук менталитетине каршы келген» контенттин цензурасына чейин, ошондой эле пандемияны чагылдырууда журналисттерге аккредитация берүүдөн баш тартуулар.

Кабарчылар расмий маалыматты мамлекеттик органдардын онлайн-брифингинен гана маалыматка ээ болуп жатышты, ал эми алардын ары-бери жүрүүсүнө тыюу салынышы толук кандуу материал даярдап, коомчулукту кабардар кылып туруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратты, бул кризис боюнча түшүнүк алууну жана пандемиянын таркашын алдын алууну кыйындатты. «Негизги сокку жарандык активисттер менен колдонучуларга тийди», — деп жазылган Анализде.

### Казакстан Республикасы

Казакстан Республикасынын түштүк борбору болгон Алматыдагы жарандык активист жана блогер Альнур Ильяшев апрель айында кылмыш кодексинин «өзгөчө абал шартында алдын ала жалган маалымат таркатуу» беренеси боюнча эки айга камакка алынган. Шымкенттик журналист Зауре Мирзаходжаева сыртка чыгып кетпөө тил кат менен өлкө ичинде кармалды. Ага

карата «алдын ала жалган маалымат таркаткан» деген негизде расмий тергөө иштери жүргүзүлдү. Жарандык активист Арман Хасенов тарткан видеосу үчүн УКК СИЗОсуна салынып, биринчи президенттин ар-намысына шек келтирди деп айыптап жатышат.

2020-жылдын март айында казакстандык колдонуучу Диас Молдалимов YouTube каналына видео чыгарып, анда ал бийликке кайрылып, бөлүнгөн каражат ала албаган, жумушун жоготкон же карантиндин айынан айласыз эс алууга чыгарылган адамдардын тагдыры туурасында ойлонууга чакырган. Ал да «алдын ала жалган маалымат таркатуу» беренеси боюнча жоопкерчиликке тартылды.

Ошол эле убакта жарандык активист жана блогер Геннадий Крестьянский социалдык тармактарда түз эфирде Алматы шаарынын ичинде ары-бери жүрүүгө тыюу салына электе, шаардын айланасындагы блокпосттор туурасында чагылдырган. Бирок ал өзгөчө абал режимин бузду деп административдик мыйзамдар боюнча айыпталган.

### Кыргыз Республикасы

Кыргыз Республикасындагы өзгөчө чаралар киргизилген мезгилдеги пикир билдирүү эркиндиги бузулган фактылардын эң олуттууларына мисал катары эксперттер Интернетте пайда болуп турган онлайн-өкүнүү билдирүүлөрүн айтышат, анда атайын кызматтар тарабынан камалган колдонуучулар ага чейинки чыгарган посттору же билдирүүлөрүн төгүндөп, кечирим сурашкан.

Айрым учурларда аларга фейк тараткан деп айып коюлса, башка учурларда чагымчыл постторду жазышты деп айыпташты. Профилактикалык сүйлөшүүлөрдөн кийин, кармалгандардын баары, УКМКнын билдиргени боюнча, «жалган маалымат таркатканы үчүн өкүнүчүн билдирген».

Жалпысынан ошол мезгилде 28 кыргызстандык колдонуучу кармалган, анын ичинде Twitter микроблогун алып барган врач Бектур Апышев да бар, ал өзүнүн ооруканасында медиктердин коргоонуу каражаттарынын сапатсыздыгын айтып чыккан эле. Январь айында Kloop.kg редакциясынан Эльдияр Бакиров жана Хамидулла Узаков Кыргыз Республикасынын бажы кызматынын мурдагы төрагасы Р. Матраимовдун кичүү инисинин арызы боюнча Ош шаарынын ички иштер Башкармалыгына чакыртылган. Арыз берүүчү анын үйүн дрон менен тартып, «жеке жашоо кол тийбестигин бузгандыгы үчүн» бул адамдарга карата чара көрүүнү талап кылган. «Чындык» гезитинин редактору Турсунбек Бейшенбековду «2016-жылдан бери чиновниктерди сындаганы үчүн» аскердик прокуратурага суракка чакыртышкан.

Март айында блогер Элмир Сыдыманов соцтармакка чыгарган посту

үчүн «региондор ортосундагы кастыкты козутуу (Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин 313-беренеси)» беренеси боюнча СИЗОго камалган. Бул иш дагы деле каралууда.

## Тажикстан Республикасы

«Адам укуктары үчүн эл аралык өнөктөштүк (МППЧ)» жана Article 19 уюмдарынын 2020-жылдын июль айында жарыяланган биргелешкен докладында Тажикстан Республикасындагы көз карандысыз журналисттер менен массалык маалымат каражаттары туш болгон чектөөлөр менен тоскоолдуктардын мисалдары келтирилген.

Докладда айтылгандай, 2020-жылдын март-апрель айларында массалык маалымат каражаттарындагы жана социалдык тармактардагы өлкөдө пандемия тездик менен тарап жатканын далилдеген билдирүүлөргө карабай, тажик бийлиги өлкөдө коронавирус жайылып жатканын четке кагып келишти. Бийлик өз аракеттерин ачыктагандан баш тартып жана журналисттердин суроолоруна жооп бербей келишти. ММКлардагы COVID-19 боюнча алгачкы учурлар болушу мүмкүн деген билдирүүлөргө өз убагында көңүл буруп, массалык маалымат каражаттарын элди кабардар кылуунун, вирустун таркашын жайлатуунун куралы катары колдонгондун ордуна, бийлик негативдүү жаңылыктарды тараткандар «жоопкерчиликкке тартылат» деп эскертишти. 2020-жылдын 30-апрелинде коронавирус жуктуруп алган учур расмий түрдө тастыкталгандан кийин да, бийликтегилер COVID-19 боюнча кырдаалды чагылдырган массалык маалымат каражаттарын калк арасында «дүрбөлөң салып жатат» деп айыптаганды улантышты.

Fergana.news интернет-ресурсу Германияда жашаган тажик студентине 2018-жылдын декабрь айында YouTube каналына хижаб кийүүгө тыюу салууну сынга алган видеоролик чыгарганы үчүн өз мекенинде экстремизмге байланыштуу кылмыш иши козголгонун кабарлаган. Ушул эле берене боюнча Москвада жашаган белгилүү укук коргоочу Иззат Амонго карата да кылмыш иши козголгон. Ал YouTube каналына «Эмне үчүн өкмөт хижабга тыюу салууда?» деген ролик чыгарган.

## Өзбекстан Республикасы

Үч жаш өзбекстандык блогерлер «карантин эрежелерин бузгандыгы жана майда бейбаштык кылганы үчүн» 15 суткага камалган. Алар Амир (тарыхый инсан, аскердик кол башчы, XIV кылым) эстелигинин жанынан видео тартып, Интернетке чыгарышкан. Өзбекстандык блогер, гендердик зомбулуктардын бетин ачып аларды документтештирген «Не молчи» онлайн-долбоорунун автору Ирина Матвиенко, үч жашында сексуалдык зомбулукка кабылган аялдын окуясын жарыялаган. Бийликтер бул окуя «улуттук моралдык нормаларга» каршы келет деген негизде аны өчүрүүгө милдеттендирген..

## Кошумча материалдар

1. Кожевникова Г.В. Язык вражды: типология ошибок журналиста / Г.В. Кожевникова // Прикладная конфликтология для журналистов; под ред. М. Григорян. — М.: Адам укугу, 2006. — С. 95–105.
2. Верховский А.М. Язык мой... Проблема этнической и религиозной нетерпимости в российских СМИ / А.М.Верховский. — М.: РОО «Центр 'Панорама'», 2002. — 200 с.
3. Дубровский Д.В., Карпенко О.В. Кастык тили в русскоязычном Интернете: материалы исследования по опознаванию текстов ненависти / Д.В. Дубовский, О.В. Карпенко. — СПб: Издательство Европейского университета в Санкт- Петербурге, 2003. — 72 с.
4. Евстафьева А.В. О некоторых лингвистических маркерах «языка вражды» в манипулятивных приемах в средствах массовой информации / А.В.Евстафьева // Вестник башкирского университета. — Том 13. — No 4. — 2008. — С. 994–996.

## Булактардын тизмеси

1. Адам укуктарынын жалпы декларациясы. // URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml
2. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакт. // URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml
3. Rabat Plan of Action on the prohibition of advocacy of national, racial or religious hatred that constitutes incitement to discrimination, hostility or violence. [ Котормосу: Рабат аракеттер планы — жек көрүүчүлүктү козутууга каршы күрөш үчүн практикалык каражат. БУУнун адам укуктары боюнча Башкармалыгынын жыйынында 2012-жылы, октябрь айында Рабатта (Марокко) кабыл алынган]. // URL: https://www.ohchr.org/Documents/Issues/Opinion/SeminarRabat/Rabat_draft_outcome.pdf
4. «Кастык тилин» түшүндүрүү: Практикалык колдонмо. 2015-жылдагы редакция, — Article 19, 2019 г. // URL: https://www.article19.org/wp-content/uploads/2015/12/A19_Hate-Speech-Report-2018_Russian.pdf
5. Бириккен Улуттар Уюмунун жек көрүүчүлүк риторикасына каршы күрөш боюнча стратегиясы жана аракетер планы. //

URL: https://www.un.org/en/genocideprevention/documents/advising-and-mobilizing/Action_plan_on_hate_speech_RU.pdf

6. Эркин пикир билдирүү жана теңчилик боюнча Кемден принциптери, — Article 19, 2009. // URL: https://clck.ru/Tpegd

7. Сөз эркиндиги кастык тилине каршы. [Электронный ресурс: ShareAmerica] // URL: https://share.america.gov/ru/свобода-слова-против-языка-вражды

8. Кырдаалдын анализи: Борбор Азиядагы бийлик тарабынан киргизилген пандемия мезгилиндеги пикир билдирүү эркиндигин чектөөлөр узак мөөнөттүү кесепеттерге ээ болот. [Электрондук ресурс: Борбор Азиядагы тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби] // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/ru_news/5370-ogranichenie-svobody-vyrazheniya-v-period-pandemii-budet-imet-dolgosrochnye-posledstviya.html

9. Борбор Азиядагы пикир билдирүү эркиндиги: регионалдык тренддер жана өзгөчөлүктөр: жылдык доклад. [Электрондук ресурс: Борбор Азиядагы тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби, 2019] // URL: www.ca-mediators.net

10. Казакстандагы социалдык тармактардагы кастык тилине мониторинг, — МЦЖ Medianet, 2017. // URL: https://www.academia.edu/35894758/Мониторинг_языка_вражды_в_социальных_сетях_в_Казахстане_2017.

11. Үн катпай коюунун баасы менен эркин пикир билдирүү үчүн төлөнчү бааны салыштыруу. Тажикстандагы ММК эркиндиги, — IPHR, Article 19, Июль 2020. // URL: https://www.iphronline.org/wp-content/uploads/2020/07/RU-Media-Report-TJ.pdf

12. «Алар көрүнбөйт, бирок алар дайыма бул жерде». Өзбекстандагы цензура жана ММК эркиндиги, — Human Rights Watch, 2018, // URL: https://www.refworld.org.ru/pdfid/5ae3310c4.pdf

13. Тажикстан: массалык маалымат каражаттарынын эркиндигин чектөө айрыкча COVID-19 пандемиясы учурунда өзгөчө курч сезилүүдө. // URL: https://www.iphronline.org/tadzhikistan-ogranicheniya-svobody-sredstv-massovoj-informatsii-naibolee-ostro-oshhushhayutsya-vo-vremya-pandemii-covid-19.html

14. Кастык тили Кыргыз Республикасындагы шайлоолор алдындагы жана андан кийинки дискурста. Соңку доклад, 4.12.20г. [Электрондук ресурс: Борбор Азиядагы тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби]. // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/issledovaniya/media-monitoring/